| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>КАРАКОЛ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КАРАКОЛ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

2026-жылдын “30” 04 №11 Каракол айылы

**Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2027-2029-жылдардын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун бекитүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Джаныбеков Дж.И, Каракол айыл өкмөтүнүн финансы жана экономика бөлүмүнүн башкы адиси Курумшиева У.А. жана Каракол айыл өкмөтүнүн салыктар боюнча адиси Безрукавых С.Н. 2027-2029-жылдарга карата Каракол айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин жана тендөө гранттардын долбоорлорунун кирешелер бөлүгү жөнүндө маалыматтарын угуп жана талкуулап Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1.2027-2029-жылдарга карата Каракол айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин жана тендөө гранттардын кирешелер бөлүгүнүн долбоору 1-тиркемеге ылайык бекитилсин (долбоор тиркелет).

2.2027-2029-жылдарга карата Каракол айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин жана тендөө гранттардын чыгашалар бөлүгүнүн долбоору 2-тиркемеге ылайык бекитилсин (долбоор тиркелет).

3.Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттиктин сайтына жарыялансын.

4.Каракол айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Ч.Садамбекова бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.М.Алымбаев**

Иш кагаз-1,облустук юстиция башкармалыгына-3, а/ө-1,